02-17

**Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлиги**

**Ош областы,Өзгөн району**

***№78.М.Жолдошалиев атындагы орто мектеби***

# *2022-2023-окуу жылында мектептик сынактардын өткөрүлүшүнүн иш чаралары жана жыйынтыктары*

***Жаңы-Айыл айылы***

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ОШ ОБЛУСУНУН ӨЗГӨН РАЙОНДУК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

УЗГЕНСКИЙ РАЙОННЫЙ ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ ОШСКОЙ ОБЛАСТИ

БУЙРУК

2023-жылдын "6" февраля №34

**Аймактык "Жылдын мыкты мугалими-2023" сынагын өткөрүү жөнүндө**

"Кыргыз Республикасынын жыл мугалими" республикалык сынагы жөнүндө 2021-жылдагы жобонун негизинде

БУЙРУК КЫЛАМ:

1. Аймактык "Жылдын мыкты мугалими-2023" сынагы 2023-жылдын 10-февраль күнү Мырза-Аке аймагындагы Т.Машрапов атындагы орто мектебинде, 11-февраль күнү Жазы аймагындагы А.Төрөгелдиев атындагы орто мектебинде, 13-февраль күнү Куршаб аймагындагы Ы.Бектемиров атындагы орто мектебинде өткөрүлсүн.
2. "Кыргыз Республикасынын жыл мугалими" республикалык сынагы жөнүндө 2021-жылдагы жобонун негизинде уюштуруу комитети, аймактык "Жылдын мыкты мугалими-2023" сынагын өткөрүү боюнча калыстар тобу түзүлсүн (№ 1 тиркеме тиркелет).
3. "Жылдын мыкты мугалими-2023" сынагынын аймактык этабын өз деңгээлинде өткөрүү боюнча төмөндөгүдөй курамда уюштуруу комитети түзүлсүн:
   -Кенеев Урбай- райондук билим берүү бөлүмүнүн башкы адиси, уюштуруу комитетинин төрагасы,
   -Көкөев Борончу- райондук билим берүү бөлүмүнүн жетектөөчү адиси, уюштуруу комитетинин төрагасынын орун басары,
   -Нурмаматов Аширбай-райондук билим берүү бөлүмүнүн окуу-методикалык кабинеттин башчысы, уюштуруу комитетинин катчысы,
   -Сыргаева Буажар- райондук билим берүү бөлүмүнүн башкы адиси, уюштуруу комитетинин мүчөсү,
   -Муратов Аязбек- райондук билим берүү бөлүмүнүн жетектөөчү адиси, уюштуруу комитетинин мүчөсү.
3. Т.Машрапов атындагы орто мектебинин директору И.Кебекбаевге, А.Төрөгелдиев атындагы орто мектебинин директору Абдулахат кызы Жылдызга, Ы.Бектемиров атындагы орто мектебинин директору А.Эгемкуловко сынакка катышуучуларга толук шарттарды түзүп берүү жагы милдеттендирилсин.
4. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө райондук билим берүү бөлүмүнүн башкы адиси Кенеев Урбайга жүктөлсүн.

Башчы: А.Асанбаев

А.Нурмаматов
0773 45 56 90

-**Педагогикалык тажрыйбанын презентациясы** Мында чыгармачыл жогорку деңгээлди көргөзүү,мугалимдик облик аркылуу көрүүчүлөрдүн купулуна толуу, өз ишинин чебери деген бааны алуу, кесиптик ийгиликтерди жаратып жаткандыгын далилдөө ишке ашырылат.(5-7 минута, орточо 1ден 10го чейинки упай берилет)

-**Мастер класс** ( ар бир талапкерге 5 минутадан убакыт берилет. 1ден 10го чейинки упайлар коюлат).

Финалдык турдун жыйынтыгында 2(эки) тапшырмадан алынган упайлардын суммасы эсептелет.

1-2-турлардын жыйынтык упайларынын суммасы боюнча жогорку упай топтогон 3 талапкер сынактын жеңүүчүлөрү деп табылып, сынактын райондук этабына катышууга жолдомо берилет.

**5. Сынактын мазмуну**

Сынактын жүрүшүндө:

-Чыгармачылык менен иштеген, билим берүү мекемелеринде жогорку профессионалдык көрсөткүчтөргө жетишкен;

-окуучулардын, ата-энелердин, коомчулуктун жогорку кадыр – баркына ээ болгон;

-ишинин системалуулугунун баасы жана анын сабактарды өтүү, жаш муундарга билим берүүнүн, тарбиялоонун педагогикалык технологияларын, усулдарын, жаңы ыкмаларын өздөштүрүү деңгээли, коммуникативдик сапаты жогору компетенттүү мугалимдер аныкталат;

-сынактын бардык турларынын тапшырмаларынын негизинде калыстар комиссиясы сынактын жеңүүчүсүн аныктайт. Алардын аттары салтанаттуу сыйлоо жыйынында жарыяланат.

**6. Сынакты уюштуруу комитети**

Сынакты уюштуруу комитети сынакты уюштуруунун бардык маселелерин чечүүнү камсыздоо жана сынактын бардык турларындагы жүрүшүн көзөмөлдөп туруу үчүн түзүлөт.Уюштуруу комитетинин курамы Өзгөн райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысынын буйругу менен бекитилет.

Уюштуруу комитети:

-Сынакты өткөрүү мөөнөтүн жарыялайт;

-сынакты өткөрүүнүн тартибин,формасын, өтүлүүчү жайын жана убагын аныктайт;

-сынакка кошумча катышуучуларды, аларга укуктарды жана милдеттерди аныктайт;

-сынактын номинацияларын аныктайт жана бекитет;

-сынактын калыстар комиссиясынын, эксперттик комиссиясынын ишин уюштурат;

-комиссиялардын иш регламенттерин бекитет, алардын чечимдерин кабыл алат;

-жеңүүчүлөрдү сыйлоону уюштурат.

Уюштуруу комитетинин чечими кабыл алынган акыркы чечим болуп эсептелет.

Эгерде ушул чечим үчүн уюштуруу комитетинин жарымынан көбү добуш берсе, чечим уюштуруу комитетинин кеңешмесинин токтому менен кабыл алынат. Токтомго төрага жана катчы кол коет. Эгерде төрага катыша албаса, анын орун басарларынын бири кол коет. Бардык чечимдер Өзгөн райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысынын буйругу менен бекитилет.

**7. Калыстар тобу**

Калыстар тобунун курамы Өзгөн райондук билим берүү бөлүмүнүн кызматкерлеринен, кесиптик кошунунун төрагасы жана чыгармачыл мугалимдерден түзүлөт.
-ар бир катышуучунун материалдарынын сапатын баалайт;
-катышуучулардын ачык профессионалдык жана чыгармачылык деңгээлин аныктайт;
- катышуучулардын сабактарына катышат;
- жеңүүчүнү аныктайт;

# №78.М.Жолдошалиев атындагы орто мектебинин 2022-2023-окуу жылына карата өткөрүлүүчү "Жыл мугалими "сынагынын иш чаралары

| № | Аткарылуучу иш чаралар | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1 | Сабак өтүү чеберчилиги (ачык саат,тех.каражаттар,кал.план | 07.02.2023 | + |
| 2 | Өзүн-өзү тааныштыруу | 07.02.2023 | + |
| 3 | Мастер класс | 07.02.2023 | + |
| 4 | Тессттик суроолор | 07.02.2023 | + |
| | | | |

**Катышуучу мугалимдер:**

Майрамбек к Мээрим — Орус тили мугалими

Аргынбаева Жазгүл — Химия,биология мугалими

Жакыпбек к Кыял — Башталгыч класс мугалими

Мектеп директору: Ж.Камбарова

Түзгөн ОББсы: М.Адилбекова

***№78.М.Жолдошалиев атындагыорто мектебинде өтүлгөн “Жыл мугалими-2023” кароо сынагынын токтому.***

ТОКТОМ №2. 07.02. 2023-ж

1.Каралуучу маселелер:

1.2022-2023-окуу жылына карата өтүлгөн “Жыл мугалими-2023”сынагына карата түзүлгөн иш чаралардын жыйынтыгы.

2.Жеңүүчү деп табылган “мыкты” мугалимди тактоо жана зооналык турга алып чыгуу.

3.Катышуучулардын иш чарадагы берилген тапшырмаларды аткаруу чеберчилигине карата сыйлыктарды ыйгаруу.

Угулду: Жогорудагы иш чаралардын аткарылышы боюнча ОББсы М.Адилбекова билдирүү жасады .

Эжеке өзүнэн сөзүндө “Жыл мугалими” сынагына үч мугалим катышканын,берилген тапшырмаларга толугу менен даярдык көрүшүп,активдүү катышкандарын баса белгиледи.Ал тургай ачык сааттарды өтүүдө кээ бир эжекелердин көрсөтмөлүү,технологиялык каражаттарды колдонуу менен сабактын темасына туура келүүчү ыкмаларды,сабактын формасын,тибин б.а азыркы учурдун талабына жооп бере турган инновациялык усулдардын негизинде сабак өтүштү.Ал тургай тесттик тапшырмаларды белгилөөдө жана оозеки суроолорго жооп берүүдө өз билимдеринин деңңгээлин көрсөтө алышты.

1.Өзүн-өзү тааныштырууда көркөм чеберчилигин көрсөтүү менен Жакыпова Кыял эжеке жогорку деңгээлде аткарды

2.”Мастер класс”аткарууда эжекелер өз чыгармачылыктарын изденүү менен өздөрүнүн жөндөмдүүлүктөрүн кызыктуу аткарышты.

3. Тесттик суроолорго жооп берүүдө эжекелер компьютер менен иштөөжолдоруна  көбүрөөк басым жасашты, педагогикалык, психологиялык терминдерге дагы көбүрөөк басым жасай тургандыктарын аныкташты.

4.Ачык сааттарды өтүүдө эң жакшы деп Жакыпбек кызы Кыял эжекенин сабагы бааланды. Сабак"интерактивдүү усулдар" аркылуу көрсөтмөлүү ,азыркы  учурдун талабына сабактын максатына жооп бере тургандай окуучунун иш аракети сабактын көрсөткүчү менен шайкеш келип,кайтарым байланыш аркылуу жыйынетыкталды.

Жогорудагы өткөрүлгөн иш чараларды жыйынтыктап,мектеп администрациясы жана комиссия мүчөлөрү 2022-2023-окуу жылына карата өтүлүүчү "Жыл мугалими-2023"сынагына башталгыч класс мугалими Жакыпбек кызы Кыял эжекени татыктуу деп баалашты.

ТОКТОМ

1.Жыл мугалими-2023 конкурсуна башталгыч класс мугалими Жакыпбек кызы Кыял көрсөтүлсүн.

2.Сынакка катышкан эжекени даярдоо жана ар тараптан көмөк көрсөтүү ООБсы М.Адилбековага ,о.эусулдук бирикменин жетекчисине милдеттендирилсин.